УДК 808.1
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-10-77-80

# ЛИТЕРАТУРНЫЕ ПРИЗНАКИ АКЫНСКОЙ ПОЭЗИИ

***М.К. Көлбаева, М.Ж. Самсалиева***

*Аннотация.* Творчество поэтов − своеобразное феноменальное явление, в котором фольклор и литература сливаются в историко-хронологическое действо, превращаясь в один литературный процесс. Традиции устного народного творчества и письменная литературная традиция идут рука об руку. Цель данной статьи – выявить литературные особенности творчества поэтов. Сначала определяется понятие литературы, её основные черты, рассматриваются зачатки литературных начал в творчестве поэтов. Кроме того, были проанализированы мысли учёных, индивидуальные особенности творчества поэтов, общие признаки творческой индивидуальности, импровизации в устной и письменной литературе, генетическая связь фольклора и литературы, вытекающая из способности человека производить целое в соответствии с психологической и логической связностью мышления, памяти, восприятия, критики, самобытный стиль каждого поэта, а также методы реализации потенциала.

*Ключевые слова:* творчество поэтов; литература; индивидуальность; генетическая связь; импровизация; стиль; индивидуальные признаки.

# АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН АДАБИЯТТЫК БЕЛГИЛЕРИ

***М.К. Көлбаева, М.Ж. Самсалиева***

*Аннотация.* Акындар чыгармачылыгы – фольклор менен адабиятты тарыхый-хронологиялык жактан бириктирип, бир адабий процесске айландырып туруучу өзүнчө феноменалдык кубулуш. Анда элдик оозеки чыгармачылыктын салттары жана жазма адабий салттар да бирге берилет. Аталган макалада акындар чыгармачылыгынын адабий белгилерин ачыктап берүүнү максат кылдык. Алгач адабият түшүнүгү, анын негизги касиет белгилери аныкталып, акындар чыгармачылыгындагы адабий башталыштын башаттары талдоого алынат. Мындан сырткары, чыгармачылык индивидуалдуулук, импровизациянын оозеки жана жазма адабиятка орток белгилери, адамдын акыл-ой, эсте сактоо, элестөө, сындуу психологиялык-логикалык туташ ойлоосуна жараша бүтүм чыгарууга жөндөмдүүлүгүнөн келип чыккан фольклор менен адабиятты генетикалык байланышы, ар бир акындын жекелик стили, өздүк кошумчалары, чыгармачылыктын реалдашуусу сындуу окумуштуулардын ойлору талданып, акындар чыгармачылыгынын жекелик потенциалы аныкталды.

*Түйүндүү сөздөр:* акындар чыгармачылыгы; адабият; жекелик; генетикалык байланыш; импровизация; стиль; жекелик белгилер.

# LITERARY SIGNS OF POETS' POETRY

***M.K. Kolbaeva, M.Zh. Samsalieva***

*Abstract.* Creative work of poets is a kind of unprecedented phenomenon in which folklore and literature merge into a historical and chronological process, turning into one literary process. Traditions of folklore and written literary tradition go hand in hand. The purpose of this article is to reveal literary features of poets' creative work. First, the concept of literature, its main features are identified, outlines of literary beginnings in the creative work of poets are analyzed. In addition, thoughts of scientists were analyzed, individual signs of poets' creative work, general signs of creative individuality, improvisation in oral and written literature, genetic relation of folklore and literature, resulting from the ability of a person to produce a whole in accordance with psychological and logical coherence of thinking, memory, perception, analytic criticism, individual style of each poet, additions to authentic experience, realization of creativity.

*Keywords:* creative work of poets; literature; individuality; genetic relation; improvisation; style; individual signs.

Акындар поэзиясынын профессионалдык адабиятка жакын белгилерин аныктоодон мурун адабият түшүнүгү, анын табияты жана акындар чыгармачылыгынын ага ыктай турган сапаттарын белгилөө максатка ылайык.

Адабият термининин кең маанисиндеги “китеп, китепче, макала, башкача айтканда, көпчүлүк окууга арналып чыгарылган же басылып чыгарылган (басмакана чыкканга чейин кол жазма түрүндө тараган) чыгармалар” [1, 5-б.] катары аныктоодо да, тар мааниде “чыгармаларды, ыр түрүндө жазылган дастандар, казалдар, ырлар жана башка ушуга окшогондорду роман, повесть, аңгеме, ошондой, эле сахнага коюуга же киного тартууга арналган чыгармаларды атайбыз” [1, 5-б.] деген пикирде да көркөм чыгармачылыктын жазуу сызуу пайда болгондон кийинки өнүгүшүнө ылайыкталат. Башкача айтканда, кол жазма түрүндөгү чыгармалардан тартып, бүгүнкү күндөгү түркүн жанрда басмалык (китептик) түрдөгү чыгармачылыкты түшүндүрөт. Мына ушул жагдайда акындар чыгармачылыгынын адабияттык белгилерин аныктоо маселеси келип чыгат.

Акындар чыгармачылыгы элдүүлүк, варианттуулук, синкреттүүлүк, ар бир угуучунун ошол чыгармага өз кошумчаларын киргизе алышы жана башка фольклорго мүнөздүү касиет белгилерин калыптандырганы менен адабиятка мүнөздүү болгон белгилерди да алып жүргөн өзгөчө кубулуш. Ал белгилердин эң башкысы акындар поэзиясынын аты эле айтып тургандай жаралган көркөм туундунун бир автордун аты менен айтылышы же чыгармачылык **индивидуалдуулугунда.**

Чыгармачылыктагы жекеликтин (индивидуалдуулук) фольклордон бөлүнүп чыгуу касиетин буга чейин көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде талданып, бир катар илимий пикирлердин жактоочулары жаралган. Алар индивидуалдуулукту фольклордон өзүнөн издешип, фольклор эң алгач таланттуу бир адамдан жаралып, жалпылык мүнөз күтөрүн айткан окумуштуулардын тобу болгон. Мисалы, Ю.М. Соколов «Систематические наблюдения над жизнью и творчеством сказителей былин, сказочников, составительниц причетов, свадебных дружек и других так называемых носителей фольклора показали, какую огромную роль играют в устной поэзии личное художественное мастерство, выучка, талант, память и другие моменты индивидуальной психики» [2], – деп, ар бир аткаруучудан жекече көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүк маселелерине карап, алардын авторун көргөндүгүн айтат. Бул пикирди К.М. Азадовский сындуу башка окумуштуулар да колдошот. Ал эми казак окумуштуусу Темирхан Тебегенов фольклордун жекеликке багыт алышы импровизацияда экенине токтолот: «Ақындық поэзиядағы фольклор мен әдебиет тұтастығы дәстүрінің нақты нәтижесі – импровизация. Бул – ақындық поэзияның аузша және жазба үлгілеріне де ортак шығармашылык құблыс» [3], – деп, импровизациядагы адамдын акыл-ой, эсте сактоо, элестөө сындуу психологиялык-логикалык туташ ойлоо жүйөөсүнө жараша бүтүм чыгарып, фольклор менен адабиятты “генетикалык байланышка” ээ кубулуш катары сыпаттайт. Бул пикирге келүүдө профессор С. Каскабасовдун концепциясын негизге алып: “Изучение казахского материала в этом ключе показывает, что в истории взаимодействия фольклора и литературы наличествуют и типы взаимосвязей, соответствующих различным периодам истории литературы: генетическая связь, оппозиция, созвучная связь и обратная связь [4]” – деген пикирине таянат. Адабиятчынын пикиринде, генетикалык байланыш – байыркы мезгилдерден бери калыптанган чыгарма куруудагы ыкма, жолдор, обондор, поэтикалык формулалар, кайрыктар сындуу туруктуу салттуулуктардын улам кийинки чыгармачылыкта уланышы же кайталанып турушу. Башкача айтканда, кандай гана жаңычыл мүнөздөгү адабияттын жок жерден жаралбай, байыркы түп-нускаларына таянуусу, ошол эле учурда жаңычыл мүнөз күтүшү катары мүнөздөөгө болот. Бул маселеде акындар чыгармачылыгындагы бир учурда фольклордук салттарга таянуу менен индивидуалдык, жекелик мүнөз күтөт, ал чыгарманын жалпыга бирдей салтуу темаларда же жанрларда жаралганы менен анда ар бир жаратуучунун өздүк кошумчалары, стили болорун белгилейт. Мына ушул жекелик улам мезгил берилеген сайын ар бир чыгарманын өз жаратуучусунун аты менен таралышына дал келип акындар чыгармачылыгынын жекелик мүнөзүн

көрсөтөрүн корутундулайт. Демек, коллективдүү чыгармачылыктагы жекелик мүнөздөрдүн келип чыгышында канча кылымдардан бери калыптанган салттык мүнөздөгү сюжет, тематика же жанр болбосун, аны жаратуудагы өнөр адамынын чыгармачылык деңгээлине, дараметине көз каранды экенин көрөбүз.

Акындар чыгармачылыгындагы жалпылык, жекелик маселелерди талдай келип, адабиятчы Жаки Таштемиров В.И. Чичеровдун "Импровизация – коллективдүү элдик поэзиянын талантуу индивидуалдык сүрөттөөсү" [5, 39-б.] – деген аныкматасына таянуу менен акындар чыгармачылыгындагы жекелик (индивидуалдык) белгилерди аныктоого аракеттенет. Адабиятчынын пикиринде, импровизациялык өнөрдө эки жагдай мүнөздүү болсо дагы анда жекелик басымдуу экенин, бул нерсени байкоо үчүн ар бир акындын ой жүгүртүү, ойду берүү, турмушту байкоо, таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнө назар оодаруу жетиштүү болорун жазат.

Адабиятчы К. Асаналиев акындар чыгармачылыгындагы индивидуалдык белгилерди XIX кылымдын аягы XX кылымдын баш ченинде өнүгүүнүн бийик чегине көтөрүлгөн төкмөлүк өнөрдүн жалпы эле элдик чыгармачылыктын коомдук функциясынан көрөт. "Көркөм адабият элдин тарыхый тагдырын, турмушун өзүнүн спецификасына байланыштуу жанрдык жана көркөмдүк кубулуштарына, өнүгүү шартына жана эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чагылдырат. Бул – жазмасы бар, өнүккөн адабияты бар элдерде. Ал эми жазмасы өнүкпөй калган учурларда бул функцияны аткаруу сөзсүз түрдө ошол эле оозеки поэзиянын үлүшүнө тиет" [5, 434-б.], – деп, элдин тарыхын, маданиятын, социалдык абалдарын, үрп-адатын, салт-санаасын, элдик тарбия жана башка абалдарын көркөм чагылдыруу функциясында оозеки чыгармачылыктын, анын ичинде акындар поэзиясынын милдетин белгилеп берет. Ал эми адабиятчы Лайли Үкүбаева акындар чыгармачылыгындагы т. а. кол жазма акындарынын адабиятка жакындашуусун жазмакерлик менен калыптанган кубулуш катары карайт. Анын пикиринде, жазгыч акындар "ашкере окуялуулукка апыртмалуулукка берилбестен, турмушка жакын келишип, анын маани-маңызын ачып, элге айтып берүүдө мүнөздүү белги – бөтөнчөлүктөрдү таап кармоого, аны көркөм, образдуу айтууга умтулгандары бар" [6, 4-б.] экенин белгилеп, бул акындар чыгармачылыгынын реалисттик мүнөз алышына жакындыгын жазат. Ошондой эле "жазгыч акындар ойду кагазга түшүрүп, аны оңдоп, түздөп, кайталап иштеп, бышырып жетилтип, башкача айтканда, чыгармачылык процессти баштан кечирет. Бул жагынан алганда, жазма адабияттын өкүлдөрүнө, алардын чыгармачылык изденүүлөрүнө белгилүү даражада жакын турушат" [6, 118-б.], – деп, кол жазма акындардын төкмө ырчыларга караганда, адабиятка бир топ жакын чыгармачылык экенин жазат.

Ал эми М. Көлбаева акындар чыгармачылыгындагы индивидуалдык белгилер ар бир чыгарманын автордун ысымы менен аталышына байланыштырат [7, 23-б.]. Ошондой эле улам доор алмашып, мезгил өткөн сайын акындардын чыгармалары дагы ошол доордун мүнөзүн чагылдырганына карабастан, ага карата акындын жекече мамилелеринен көрүнөрүн замана темасындагы ырларды талдоо аркылуу, ал тургай чыгармачылыктагы бир жанрдын, айтыш жанрынын калыптанышынан да көрө ала турганыбызды белгилейт. Айтыш жанрынын өсүш эволюциясындагы алгач сармерден, акыйнек сындуу коллективдүү аткарылган адат-салт айтыштарынын улам мезгил өткөн сайын жекеликке багыт алып, акындар айтышына айланышы, ар бир чыгарма жаратуучунун аты менен айтылышы, кандай темада, жанрда болбосун ага жаратуучунун жеке мамилеси, дүйнө таанымы жана талант кудуретине жараша мүнөз алышы жагынан акындар чыгармачылыгы адабияттык белгилерге ээ болуусун көрөбүз.

Жогорудагы талдоолор күбөлөп тургандай, акындар чыгармачылыгындагы жекелик жана элдүүлүк (жалпылык) белгилер өтө чырмалышып кеткени көрүнөт. Мындан улам элдик чыгармачылыктын коллективдүүлүк мүнөзүнөн жекелик касиеттердин бөлүнүп чыгуусун талдоого алууда ар түрдүү пикирлер орун алат. Айрымдары элдик чыгармалардын алгач башатында бир жаратуучу болуп, кийин улам мезгил өткөн сайын кошумчаланып, толукталып олтуруп, жамааттык чыгармачылыкка айланган десе, айрымдары жазманын келиши менен жекелик

белгилер калыптанганын, айрымдары элдик чыгармачылыктын коомдук кызматына карата жиктесе, айрымдары акындын талант даражасына же өнөр адамынын туш болгон чөйрөсүнүн деңгээлине жараша болорун “алар элдик поэзиянын үлгүлөрүн, мисалы, эпикалык же лирикалык жанрдагы чыгармаларды айтканда жекече, өзүнчөлүк деңгээлинин көрүнүшү азыраак болорун, мындай учурларда традициялык мотивдер жана көрүнүштөр үстөмдүк кылат дешсе, ал эми акындар өз алдынча өздүк чыгармаларын жаратып жана аткарып жатканда жекече башталыш күчтүү чыгарын” [8, 82-б.] белгилешет.

**Жыйынтык:** Акындар чыгармачылыгы кыргыз адабиятынын тарыхында өзүнчө салаа, “көркөм-эстетикалык феномен” катары мүнөздөлүп, элдик оозеки чыгармачылыкка жана профессионалдык адабиятка тиешелүү бир катар белгилерди калыптандырганын байкоо кыйын эмес. Мисалы, реалдуу турмуштуу чагылдуу жана коллективдик аткаруу өзгөчөлүгү, синкреттүү табияты, ар бир чыгарманы жаратуучу, аны эл алдында аткаруучусу боло алышы, чыгармалардын көп варианттуулукка ээ болушу сындуу өзгөчөлүктөрүнө карай фольклоризмге жакындаштырабыз. Ар эми профессионализмге кадам акындардын жекеликке багыт алуусунан көрүнөт. Башкача айтканда, төкмөлүктөгү ой, эс тутум, элестөө жана башка психологиялык процесстерди талдоодон, жаратуучунун өздүк кошумчаларынан, стилинен, көркөм кызматынан, окуу, жазууну өздөштүрүүсүнөн, айтуучулук жана жаратуучулук сындуу чыгармачылык түрдөн көрө алабыз.

Поступила: 22.08.22; рецензирована: 05.09.22; принята: 08.09.22.

***Адабияттар***


1. *Борбугулов М.* Адабият теориясы / М. Борбугулов. Бишкек: Шам, 1996. 552 б.
2. *Соколов Ю.М.* Очередные задачи изучения русского фольклора. Художественный фольклор. Русский фольклор. Вып. I / Ю.М. Соколов. М., 1926. С. 21.
3. *Тебегенов Т.С.* Ақындық поэзиядағы фольклор мен әдебиет дәстүрі: автореф. дис. ... д-ра филол. наук: 10.01.02-қазақ әдебиеті / Т.С. Тебегенов. Алматы, 2002. 30-б.
4. *Тебегенов Т.С.* Көп томдук шығармалар жийнағы. II т.: монография / Т.С. Тебегенов. Алматы: Каз ҰПУдың “Ұлағат” баспасы, 2019, 266-б., 46-б.
5. Классикалык изилдөөлөр (Акындар чыгармачылыгы, 1-китеп) / түзгөндөр: А. Акматалиев, М. Көлбаева. Бишкек: Kirland, 2017. 454 б.
6. *Үкүбаева Л.* Жазгыч акындар / Л. Үкүбаева. Бишкек, 1994. 164 б.
7. *Көлбаева М.* Айтыш өнөрүнүн табияты (эволюция, жанр, поэтика) / М. Көлбаева. Бишкек, 2015, 276 б.
8. *Искендерова С.* Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы / С. Искендерова. Бишкек, 2010, 275 б.